ТУРИЗМ ЖАНА АЙЫЛДЫК ИШКЕРДИКТИ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

THE WORLD BANK

АРИС

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги

ЖЕРГИЛИКТҮҮ МУНИЦИПАЛИТЕТТЕРДИ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРУ

## Ош облусунда жана Ош шаарында «Региондук экономикалык өнүктүрүү» долбоору (ПРЭР-1).

# Чакан Гранттар Программасы (ЧГП)

Ош: 2025-2026жж

PhD Келишова Керез - ЦРСМдин жетекчиси

мазмуну

# ПРЭР-1 деген эмне?

1. Компонент 1: Региондук экономикалык пландаштырууну жана жөнгө салуучу функцияларды жакшыртуу
2. Компонент 2: Агроазык-түлүк жеткирүү чынжырларын жана чакан айыл чарба өндүрүүчүлөрүн (ЧАЧӨ) бекемдөө
3. Компонент 3: Туризмди жана шаарларды өнүктүрүүгө түрткү берген инвестициялар
4. **Компонент 4: Туризмди жана айыл-чарба ишкердикти өнүктүрүүгө кичи гранттар аркылуу колдоо көрсөтүү.**

# 01 БӨЛҮМ

# Чакан гранттар программасынын максаты(ЧГП)

ЧГП стартаптар жана чакан ишканаларга өз ишмердүүлүгүн туруктуу өнүктүрүү боюнча демилгелерин ишке ашырууга, потенциалын жогорулатуу жана каржылык колдоо көрсөтүү аркылуу жардам берүүгө багытталган. Алынган билимдердин негизинде,тандалып алынган ЧГП катышуучулары Ош облусунун шаарларында жана айыл аймактарында туризм, агротуризм, кол өнөрчүлүк жана HORECA тармактарында жаңы ишмердүүлүктү баштоо же бар болгон ишин кеңейтүү үчүн каржылык колдоого.

**Долбоор сиздин бизнесиңизге күчтүү түрткү берет !**

# НЕГИЗГИ МАКСАТТАР

I. Айыл жана шаар аймактарында ишканаларында колдоо жана ишке киргизүү.
II. Туризм кызматтарын өнүктүрүү (агро-, этно-, гастротуризм).
III. Аялдар жана жаштардын демилгесин колдоо.



## Потенциялды жогорулатуу:

Биз сизге (бизнес, финансы жана маркетинг боюнча) билим берип, бизнес-планды иштеп чыгууга жардам беребиз жана тендердик процедураларды үйрөтөбүз.

## Каржылык колдоо:

Сиз ишти баштоо же кеңейтүү үчүн старттык капитал аласыз.

## Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү:

Эгер сиздин долбооруңуз ийгиликтүү болсо, ПРЭР-1 кошумча каржылоону камсыздап, дагы өсүш үчүн же жаңы долбоорду баштоо үчүн жардам берет.

# Ким катыша алат?

## Максаттуу топтор

Ош облусунун 88 айыл аймактарынын жана шаарларынын бизнес өкүлдөрү

**Негизги критерийлер:**

- ✓ Кыргызстандын жараны
- ✓ Ош облусунда катталган жараан жана чакан бизнестин негиздөөчү
- ✓ Чакан бизнестин негиздөөчү жана бизнес идеясына ээ жараандар

🔥**Өзгөчө артыкчылыктар:**

- ✓ **Аялдар** 👩‍💼
- ✓ **Жаштар** (18-28 жашка чейин) 👨‍🎓
- ✓ **Калктын социалдык жактан аялуу топтору же социалдык паспорту бар жараандар**

**Туртукчтор:**

- ➢ **Инновацияны жайылтуу;**
- ➢ **Кошумча жумуш орундарды түзүү, ошондой эле аялдар жана соцталдык паспорту бар жараандарга жумуш орун түзүүнү колдоо**

# Долбоор кайсыл тармактарды колдойт?

**Туризм:** мейманканалар, туроператорлор, санариптик платформалар.

**Коомдук тамактануу жайлары:** кафе жана ресторандар




**Көл өнөрчүлүк:** кийизден, териден, жыгачтан колго жасалган буюмдар.

# Ылайыктуу чыгымдар:

1. **Курулуш, реконструкция жана ондоо:** уруксат берилген чарбалык ишти жүзөгө ашыруу үчүн гана арналган кыймылсыз мүлк объекттерин куруу, реконструкциялоо жана оңдоо менен байланышкан чыгымдар;
2. **Туризм багытында** керектуу жабдуулар жана шаймандар;
3. **Энергияны үнөмдөөчү жабдуулар:** күн батареяларын, ысык суу коллекторлорун жана энергия натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн башка жабдууларды сатып алуу жана орнотуу менен байланышкан чыгымдар;
4. **Жабдуулар жана шаймандар:** технологиялык процессти аткаруу үчүн зарыл болгон жабдууларды жана шаймандарды сатып алуу, ширетүүчү жабдуулар;
5. **Жумушчуларды окутуу кызматтары:** бекитилген чарбалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жумушчуларды окутуу кызматтарына байланышкан чыгымдар. Буга официанттарды, жумушчу аялдарды, ширетүүчүлөрдү, сантехниктерди ж.б. окутуу кириши мүмкүн;
6. **Иш-чараларды уюштуруу:** ишмердүүлүктүн ийгилиги үчүн зарыл болгон фестивалдарды, сынактарды жана башка ушул сыяктуу иш-чараларды уюштурууга чыгымдар.

# Гранттык каржылоодон ылайыксыз чыгымдар:

- **1. Кыймылсыз мүлк жана автотранспорт:** кыймылсыз мүлктү (жерди, имараттарды) жана автотранспортту сатып алууга байланышкан чыгымдар;
- **2. Медициналык жана мамлекеттик долбоорлор:** медицина, ветеринария жана мамлекеттик органдар каржылаган долбоорлорго байланыштуу чыгымдар;
- **3. Операциялык чыгымдар:** чыгымдар мисалы, кызматкерлердин эмгек акысы, жол чыгымдары, кеңсе ижарасы жана коммуналдык кызматтар, жана чийки зат же жүгүртүү капиталын сатып алуу;
- **4. Семинарлар жана конференциялар:** семинарларга, конференцияларга жана конгресстерге катышуу чыгымдары;
- **5. ТЭН (ТЭО) жана уруксат берүүчү документтер:** техникалык-экономикалык негиздемелерди, концептуалдык же жумушчу долбоорлорду даярдоого кеткен чыгымдар [бул ишке арыз ээси тарткан чыгымдар өтүнмө ээсин кошо каржылоонун бир бөлүгү катары каралышы мүмкүн.], курулушка уруксат алуу;;
- **6. Операциялык капитал:** МП\жеке ишкердин операциялык капиталына байланыштуу чыгымдар;
- **7. Экологиялык жактан зыяндуу жабдуулар:** экологияга жана айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизе турган жабдуулар;
- **8. Финансылык милдеттенмелер:** насыяларга, насыяларга, пайыздык чендерге же башка тиешелүү финансылык милдеттенмелерге байланыштуу төлөмдөр;
- **9. Башка долбоорлордун чыгымдары:** башка долбоордун же программанын алкагында келип чыккан чыгымдар (кош каржылоо).


## 02 БӨЛҮМ

# Каржылык шарттар

**Этап 1:**

Гранттын максималдуу суммасы: **$ <u>10 000</u>**
**<u>USD=(880 000 KGS)</u>** чейин.

**<u>Өздүк салым:</u>** долбоордун жалпы баасынан кем эмес 20%.




**Маанилүү жагдай:** Социялдык жактан аярлуу ( социалдык паспорту бар) талапкерлер үчүн **кошумча каржылоо талап кылынбайт!** (со-вклад), **болгону** чарбалык ишти жүзөгө ашыруу үчүн **мүлктүн баалоо кагазы**

## 03 БӨЛҮМ

# Кантип тапшырса болот?

## ОНЛАЙН

**Онлайн гана:**

Катышууга арыздар сайт аркылуу болот:

http://sgp.aris.kg/

## СӨЗСҮЗ

Ар бир үй чарбасынан **бир гана арыз кабыл алынат**

## МӨӨНӨТҮ

**2025 жылдын 6-октябрында 18:00гө чейин!!!**

**Бул убакыттан кийин жөнөтүлгөн арыздар КАБЫЛ АЛЫНБАЙТ!!!**

## 04 БӨЛҮМ

# КАТЫШУУ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ЭТАПТАРЫ:

# ЭТАПТАР

Онлайн АРЫЗ БЕРҮҮ

01

ОКУТУУ жана ТЕСТ
(5 күн)

02

БП иштеп чыгуу

03

БП баалоо

04

ТЕНДЕР жана
ЖЕТКИРҮҮ
( поставка) жана
МОНИТОРИНГ

05

ИШКЕ АШЫРУУ

06

ОТЧЕТ

07

**БИЗНЕСТИ КАНТИП ӨНҮКТҮРҮҮ КЕРЕК**

Биз биргеликте
Ош облусун
күчтүү жана
гүлдөп-өскөн
аймакка
айландырабыз!

THE WORLD BANK

АРИС Агентство развития и инвестирования сообществ

# Көңүл бурганыңыз үчүн РАХМАТ!

Сиздердин активдүү колдооңуздарды жана катышууңуздарды күтөбүз!

Кошумча маалыматтарды төмөнкү тутумдар аркылуу байланышыңыз:

website : http://sgp.aris.kg/

Tel: +996 703 002 240 жана +996 706 002 240

Коомдук тармактар: Facebook жана Instagram

ЦРСМ
Центр Развития Сельских Муниципалитетов